| | |
|---|---|
| Каралды | Бекитилди |
| педагогикалык кеңеш | директор: |
| № 1 протокол | Манаева Ч.С |
| 28.08.2022-ж | 1.09.2022-жыл |

**Жалпы билим берүү А.Керимбаев орто мектебинин укук коргоо органдары менен кызматташуу жөнүндө жобо**

1. **Жалпы жоболор**

1.1 Бул жобо жалпы билим берүү А.Керимбаев орто мектебинин укук коргоо органдары менен өз ара иштөө тартибин жана укук бузууну алдын алуу боюнча тараптардын милдеттерин жана укугун аныктайт;

1.2 Иштин максаты:

- коррупцияны жана укук бузууну пайда кылган себептерди жана шарттарды аныктоо жана четтетүү;
- жалпы билим берүү А.Керимбаев орто мектебиндеги укук бузууларды, тобокелдиктерди азайтүү;
- коррупцияга каршы үгүттөө жана билим берүү;
- мектептин ишин өнүктүрүү максатында , коррупцияга каршы күрөшүү маселелери боюнча укук коргоо органдары менен кызматташууну уюштуруу;

1.3 Мектептин кызматкерлерине коррупциялык жана укук бузуу маселелери боюнча укук коргоо органдары тарабынан маалымаи берүүнү уюштуру жана мониторинг жүргүзүү үчүн бирдиктүү тутумдуу түзүү;

1.4 Тараптар өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде ишке ашырышат.

1.5 Бул жобо билим берүү мекемесинин буйругу менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

2. Өз ара кызматташуунун тартиби

2.1 жалпы билим берүү А.Керимбаев орто мектеби тиешелүү укук коргоо органдарына мектеп ичиндеги кызматкерлерге жана окуучуларга байланыштуу укук бузууларды жана коррупциялык иштер жасалгандыгы белгилүү болгондо ал боюнча кабарлоо милдетин иөзүнө алат.

2.2 жалпы билим берүү А.Керимбаев орто мектебинин жетекчилиги жана анын кызматкерлер укук бузуулар жөнүндө маалыматтарды камтыган документтерди жана маалыматтарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүүгө жана укук коргоо органдары тарабынан аныктоону жана иликтөөнү колдоого милдеттенет.

3. Өз ара кызматташуунун формалары

3.1 Мектептин окуучуларынын, кызматкерлеринин арасында укук бузуунун алдын алуу каршы күрөшүү маселелери боюнча көзөмөлдөө жана укук коргоо органынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жардам көрсөтүү.

3.2 Укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктуу өкулдөрүнө жардам көрсөтүү. Коррупцияны басуу же терген чараларын жургузүүдө мектептеги укук бузууну, кылмыштылыктуу алдын –алуу, анын ичинде ыкчам- изилдөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө көмөктөшүү.

4. Өзгөртүү киргизүү.

4.1 Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укук коргоо органдарынын макулдугу билим берүү уюмунун чечими аркылуу жүргүзүлөт.